Инновациялык борбор
Innovation center

**«Инновациялык борбор» мамлекеттик мекемеси менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ортосундагы кызматташтык МЕМОРАНДУМУ**

«05» февраля 2026-жыл Бишкек ш.

«Инновациялык борбор» мамлекеттик мекемесинин (мындан ары-Мекеме) атынан директор Жантаев Ч.Г., Жобонун негизинде иш алып барган, бир тараптан жана экинчи тараптан Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (мындан ары – Университет) атынан, Уставдын негизинде иш алып барган ректор профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор профессор Ибраев А.О., мындан ары "Тараптар" деп аталышып, келечекте кызматташууга карата өз ниеттерин билдиришет жана төмөнкүлөр тууралуу макулдашышат.

**1-берене. Меморандумдун предмети**

1.1. Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык Тараптардын ишинин багыттары боюнча өзгөчө актуалдуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн Тараптардын ортосундагы узак мөөнөттүү өз ара мамилелердин мыйзам ченемдүү зарылдыгын таанышат.

1.2. Министрликтин кадрларды даярдоого жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга болгон муктаждыктарын канааттандырууга багытталган билим берүү, илим, кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгышат жана ишке ашырышыт.

1.3. Меморандумду ишке ашыруу процессинде Тараптар өз ишин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырышат.

**2-берене. Тараптардын кызматташуу багыттары**

2.1 Ушул Меморандумдун алкагында Тараптар төмөнкү милдеттерди чечүү үчүн биргелешкен аракеттерди көрүү жоопкерчилигин алышты:

- Университетте инновациялык багытта жүргүзүлүп жаткан долбоорлорго (Manas E-Lab CBHE) колдоо көрсөтүү;
- Министрликтин конкреттүү багыттары боюнча эл аралык семинарлар жана конференцияларды уюштуруу;
- Тараптардын билимин жана потенциалын жогорулатуу максатында эки тараптын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу;
- Студенттерге, изилдөөчүлөргө практика уюштуруу;
- Тараптардын мүмкүнчүлүктөрүн орток пайдалануу.

**3-берене. Өз ара аракеттенүүнүн формалары**

3.1 Кызматташуу чөйрөсүнө байланыштуу маалымат алмашуу (Тараптардын бири-бирине билдирүүлөрдү жөнөтүүсү, Тараптардын өкүлдөрүнүн жолугушууларын уюштуруусу аркылуу ж.б.).

3.2. Тараптардын ишмердүүлүгүнө байланышкан жана өз ара кызыкчылык туудурган маселелер боюнча консультацияларды берүү.

3.3. Бул Меморандумдун максаттарына жетүүгө багытталган биргелешкен иш-чараларды пландаштыруу (программаларды иштеп чыгуу).
3.4. Артыкчылыктуу инновациялык долбоорлорду биргелешип иштеп чыгуу жана түзүлгөн инновациялык технологияларды жана продукцияларды киргизүү үчүн шарттарды түзүү.

**4-берене. Кызматташтыкты уюштуруу**

4.1. Тараптар бул Меморандумдан тышкары, кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын программасына кол коюшу мүмкүн. Программа Тараптар кол койгондон кийин бул Меморандумдун ажырагыс бөлүгү болуп калат.
4.2. Тараптар жок дегенде жарым жылда бир жолу Меморандумдун аткарылышын карап чыгып, өз ара пайдалуу кызматташуунун кошумча багыттарын жана формаларын аныкташат.

**5-берене. Конфиденциалдуулук**

5.1. Тараптар ушул Меморандумдун жана анын негизинде түзүлгөн Меморандумдардын алкагында экинчи Тараптан алынган бардык маалыматты жашыруун сактоого милдеттенишет.
5.2. Тараптар бул Меморандумдун шарттарынын купуялуулугун сактоого жана купуя маалымат катары же жашыруун мүнөздө каралууга тийиш болгон маалыматтардын купуялуулугун сактоого милдеттенишет.
5.3 Бул Меморандум эл аралык келишим болуп саналбайт жана эл аралык укук менен жөнгө салынуучу укуктарды жана милдеттерди түзбөйт, ошондой эле кандайдыр бир финансылык жана мүлктүк милдеттенмелердин пайда болушуна жана өз ара талаптарды коюуга негиз болуп саналбайт.

**6-берене. Меморандумду токтотуунун мөөнөтү жана тартиби**

6.1. Бул Меморандум 5 (беш) жылдык мөөнөткө түзүлөт жана Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет. Эгерде, Меморандумдун мөөнөтү бүтөөрүнө 30 (отуз) календардык күн калган учурда бир Тарап экинчи Тарапты аны токтотуу ниети жөнүндө кабарлабаса, анын иш мөөнөтү автоматтык түрдө кийинки жылга узартылган болуп эсептелет.
6.2. Ар бир Тарап келишимдин иш мөөнөтү бүтөөргө чейин 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбестен экинчи Тарапка жазуу жүзүндө кабарлоо аркылуу бул Меморандумду мөөнөтүнөн мурда бир тараптуу токтотуу укугуна ээ.

**7-берене. Корутунду жоболор**

7.1. Тараптар эки тараптуу сүйлөшүүлөр аркылуу алардын ортосунда пайда болгон пикир келишпестиктерди жоюу үчүн бардык чараларды көрүшөт.
7.2. Бул Меморандумга киргизилген бардык өзгөртүүлөр, эгерде ал жазуу түрүндө болуп, Тараптардын ар бири кол койгон болсо ал жарактуу деп саналат.
- Бул Меморандумду түзүү менен Тараптардын уюштуруу документтеринин же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын эч кандай жоболору бузулбайт жана бузбайт.

Меморандум 2026-жылдын _____январында Бишкек шаарында эки түп нускада кыргыз тилинде түзүлдү.


**Мекеме:**

«Инновациялык борбор»
мамлекеттик мекемеси
Бишкек ш., 720021, Эркиндик
гүлбагы, 58а.
Тел: +996(312) 62-58-94
e-mail: ch.zhantaev@ilim.gov.kg

**Университет:**

Кыргыз-Түрк Манас Университети
720044, Бишкек ш.,
Ч.Айтматов Проспекти №56
Тел.: +996 (312) 49 27 60
Факс: ++996 (312) 54 19 35
e-mail: iro@manas.edu.kg


**Директор**

_______________

**Жантаев Ч.Г.**

**Ректор**

_______________

**Алпаслан Жейлан**

**Биринчи проректор**

_______________

**Ибраев А.О.**